И. Раззаковдун эмгегин элибиз унутпайт

# Өткөнүбүздү өгөйлөбөй, аздектей билели



У БАГЫНДА замандаштарынан Исхак Раззаков жөнүндө сураганымда ал кишинин үлүшүнө Кыргызстанды телчигүү мезгилинде башкаруу туура келгендигин, алысты көрө билген инсан болгонунун, кадрларды даярдоого жана тарбиялоого бөтөнчө көңүл бургандыгын, эл чарбасын өнүктүрүүгө кара жанын карч уруп эмгектенгендигин, уюштуруучулук жөндөмүнүн күчтүүлүгүн жана башка асыл сапаттарын айтып түгөтө алышпайт. Ушундай чыгаан кулунунун ысмын эли дайыма аздектеп дилге алышканын угуп, жүрөк жылуганын жашыра албайм.

Тагдыр ушундай экен, адамзат пендеси бешенесине жазылганын көрбөскө айласы жок окшойбу. Ар кандай себептерден улам Исхак Раззаков Москвага барып жашап калды. Ошол жерде о дүйнөнү көздөй сапар тартты. Эмнегедир көп жылдар бою ал киши жөнүндө айтылбай да, жазылбай да келди. Кийинки муундар Исхак Раззаков жөнүндө маалыматсыз калышкандыгы кашкайган чындык.

Жогорудагыдай көрүнүштөр Исхак Раззаковдун замандаштарынын, жамы Кыргыз журтунун, айрыкча лейлектик жердештеринин кабыргаларын кайыштырды. Калдайган калк мындай көрүнүш менен эч убакта келише алмак да эмес, ошондон улам жаңыдан гана Президенттике шайланып жергебизге сапар тартып келгенде Аскар Акаевге райондун маданият бөлүмүнүн башчысы Мажу Алдакулов элдин атынан кайрылып маселени кабыргасынан койгон эле. Исхак Раззаковдун адал эмгегин жамы журтка жеткирүү, анын ысмын көчөлөргө коюу, айкелин орнотуу өтүнүчү айтылган болчу. Ошондо Аскар Акаевич сөзсүз элдин мүдөөлөрүн орундатууга, сунуштарын колдоого алаарын айткан экен.

Президент сөзүн эки кылбады. Анын кийлигишүүсү менен Ош шаарындагы эң чоң көчөлөрдүн бири болгон мурдагы Юбилейный көчөсү Исхак Раззаковдун ысмы менен аталып калды. Исхак Раззаков өз мезгилинде партиянын Өзбекстан жана Кыргызстан борбордук Комитеттеринде жетекчи кызматтарда иштеп, өзбек жана кыргыз элдеринин достугуна данакер болгондугун эске алып Оштогу Кыргыз - Өзбек университетине анын ысмы берилди. Өткөн жылы Исхак Раззаковдун сөөгү дагы бир ирет агарып, республикабыздын Президентине арбагы ыраазы болду го. Анын кийлигишүүсү менен Раззаковдун айкели Оштогу Раззаков атындагы көчөнүн четинде, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин бет маңдайына орнотулду. Мына ушул айкелди ачуу аземинде Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы, губернатор Темирбек Акматалиевдин: «Айкелди орноттук. Аны ачуу аземине катышып бериңиз деп 2-3 күн мурда мен Москвага, Исхак Раззаковдун өмүрлөш жубайына телефон чалдым. Ошондо ал киши терисине батпай кубанып Кыргызстандын жалпы элине, Президентке, Ош облусунун жетекчилигине чын ыкласы менен кайра - кайра рахматын айтты. Бүгүнкү салтанатка жан - дили менен келип катышмак эле. Бирок, кызы ноокастап жаткандыгын, анын жанынан карыш жылганга мүмкүнчүлүгү жоктугун айтып, элден кечирим сурады» - дегени али эсимде. Бул салтанатта Исхак Раззаков жөнүндө нечен жылуу пикирлер айтылды. Республикабыздын Президентинин дарегине алкыштар ыроолонгонун баса белгилеп кетүүгө тийишмин.

УШУЛ жерде бир көрүнүштү жашырып коюудан кыя өтө албадым. Анткени ал көптөн бери жүрөгүмдө сакталып жүрөт. Эстелик ачылгандан анчейин деле көп күн өтө элек болчу. Адаттагыдай эле эстелик жанынан өтүп баратып Исхак Раззаковдун тулку боюна көз чаптырып саамга токтоп калдым. Ошондо эстелик жанынан эки жигит өтүп калышты. «Бул ким өзү?» - деп суроо таштады бири. «Артист же шахтер болсо керек да» - деп койду экинчиси кайдыгер. Мен бул жерде тигил жигиттерди күнөөлөөдөн караманча алысмын. Күнөөнү калктын калың катмарына чейин Исхак Раззаков жөнүндө маалымат жеткире албаган биздин журналисттерден, аны менен тизгин талашып бирге иштешкен замандаштарынан издедим.

Мындан эки жыл мурда журналист Абдылда Капаров «Кыргыз руху» гезитинде Исхак Раззаковдун сөөгүн киндик каны төгүлгөн жергесине алып келип коюу идеясын сунуш эткен эле. Бүгүн лейлектик жердештери менен түштүк эли гана эмес, жамы кыргыздын кубанычы кучагына толуп турат. Урматтуу Президентибиз Аскар Акаев элдин атынан көтөрүлгөн жүйөлүү сунуштарды көңүлүнүн сыртында калтырган жок. Ушул кишинин демилгеси менен улуу инсаныбыз Исхак Раззаковдун сөөгүн Москвадан Бишкекке алып келип коет, анын ишмердүүлүгүн, элге өтөгөн кызматын баяндаган музейи ачылып иштеп жатат деген кубанычтуу кабар кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна чейин дүң болуп олтурат.

Тарыхын, өткөнүн жериген элде келечек болбойт. Элге ак кызмат өтөгөн атуулдарын ардактабаган калк бөтөн элдин көзүн карайт. Муну жан дүйнөсү бай, акылы тетик, маданий деңгээли бийик жетекчи гана, элдин чыныгы лидери гана түшүнөт. Исхак Раззаковдун ысымына байланыштуу Аскар Акаевдин жасаган иштери - улуу даанышмандык! Буга учурунда жетишээрлик маани бере албаганыбыз менен элибиздин келечегине, тарыхына, маданиятына кошулуп жаткан опол тоодой үлүш. Элибиздин ааламды таң калтырып, тамшандырган асылзат дөөлөттөрү ушундай эле, учурунда майда - бараттай көрүнгөн, бүртүктөрдөн жыйналган. Урматтуу Президентибиздин бүгүн жасап жаткан иштеринде мындай көрүнүштөр көп эле.

Учурдан пайдаланып, окурмандардын көңүлүн дагы бир элдин ичин жылытаарлык болуп жаткан иштерге бургум келет. Тарыхый шаарыбызга кыргыздын чыгаан инсандары Курманжан Датканын, Молдо Нияздын, Ниязалынын айкелдеринин тургузулушу, элибизге ак кызмат өтөгөн Орозбековго, Раззаковго, Султан Ибраимовго эстеликтердин коюлушу да келечекке ташталган улуу кадам. Бул жагдайда облусубуздун губернатору Темирбек Акматалиевдин демилгеси өтө бийик баага татыктуу.

**Камил ТОКТОРОВ,**
**Ош шаары.**